**Элкарт карталары боюнча карта-эсебинин валютасынан айырмаланган башка валютадагы операцияны жүргүзүүдө алмашуу (конвертациялоо) схемасы:**

Сумманы эсептен чыгарып алууда акча алмашуунун мисалы: Карта ээси орус рублиндеги кызмат көрсөтүү үчүн сом менен картадан акы төлөйт, тейлөө акысынын наркы 100 рубль, акча алмашуу операциясынын учурунда курс боюнча 1 рубль = 1,12 сом (Төлөм карталарынын улуттук системасынын (ТКУС) (МИР) курсу (Национальная Система Платежных Карт НСПК) колдонулат):

I. Кардардын картасынан 112 сом кармалып алынат.
II. Алмашуу операциясын иштеп чыккан күнү төлөм валютасынын курсу өзгөргөндө (2 күндөн 30 күнгө чейин):

(a) рублдин курсу боюнча 1,14 (ТКУС (МИР) алмашуу операцияны иштеп чыгуу учурунда колдонулат) + 2 сом мурда кармалып алынган 112 сом суммага кардардан кошумча дагы кармалат.

(b) рублдин курсу боюнча 1,10 (алмашуу операциясын иштеп чыгуу учурунда (ТКУС (МИР) курсу колдонулат) 2 сом өлчөмүндө кармалып алынган суммадан айырма (112 сом - 110 сом) кардарга кайтарылып берилет.

Сумма келип түшкөндөн кийин акча алмашуунун мисалы: Карта ээсинин сом менен картасына орус рублинде сумма келип түшөт, келип түшкөн акчанын суммасы 100 рублди түзөт, курс боюнча 1 рубль = 1,12 сом (алмашуу операциясын иштеп чыгуу учурунда (ТКУС (МИР) курсу колдонулат):

I.Кардардын картасына 112 сом келип түшөт.

II. Алмашуу операциясы иштелип жаткан күнү төлөм валютасынын курсу өзгөргөндө (2 күндөн 30 күнгө чейин):

(a) рублдин курсу боюнча 1,14 (алмашуу операциясын иштеп чыгуу учурунда (ТКУС (МИР) курсу колдонулат) картага келип түшкөң 112 сом суммасына кошумча 2 сом чегерилет.

(b) рублдин курсу боюнча 1,10 (алмашуу операциясын иштеп чыгуу учурунда (ТКУС (МИР) курсу колдонулат), мурда келип түшкөн 112 сом суммасынан картадан кошумча 2 сом эсептен чыгарылат.

**Эл аралык картанын карта-эсебинин валютасынан айырмаланган башка валютада операциясын жүргүзүүдө акча алмашуу (конвертациялоо) схемасы.**

Сумманы эсептен чыгарууда акча алмашуу (конвертациялоо) мисалы: Карта ээси АКШ долларындагы кызмат көрсөтүү үчүн сом менен картасынан акы төлөйт, кызмат көрсөтүүнүн наркы 100 АКШ долларын түзөт, курс боюнча 1 АКШ доллары = 85,00 сом (Банктын нак эмес коммерциялык курсу колдонулат):

III. Кардардын картасынан 8500 сом + 5% (түзөтүү коэффициенти) 425 сом өлчөмүндө кармалып алынат.

Жыйынтыгында алмашуу операциясы иштелип чыкканга чейин кардардын картасынан 8 925 сом кармалып алынат.

IV. Алмашуу операциясы иштелип жаткан күнү төлөм валютасынын курсу өзгөргөндө (2 күндөн 30 күнгө чейин):
(c) доллардын курсу боюнча 86,00 (Банктын нак эмес коммерциялык курсу колдонулат) болгондо кармалып алынган суммадан 8600 сом чыгарылып алынат, ал эми ошол эле күнү кармалып алынган суммадан (8925 сом - 8600 сом) 325 сом суммасындагы айырма кардардын картасына кайтарылып берилет.

(d) доллардын курсу боюнча 84,00 (Банктын нак эмес коммерциялык курсу колдонулат) кармалып алынган суммадан 8400 сом чыгарылып алынат, ал эми ошол эле күнү кармалып алынган суммадан (8925 сом - 8400 сом) 525 сом суммасындагы айырма кардардын картасына кайтарылып берилет.

Сумма келип түшкөндө акча алмашуу (конвертациялоо) мисалы: Карта ээсинин сом картасына АКШ долларындагы сумма келип түшөт, келип тушүү суммасы 100 АКШ долларын түзөт, курс боюнча 1 АКШ доллары = 85,00 сом (Банктын нак эмес коммерциялык курсу колдонулат):

V. Кардардын картасына 8500 сом келип түшөт - 5% = 8075 (түзөтүүчү коэффициент) 425 сом өлчөмүн түзөт.
Жыйынтыгында, 8075 сом акча алмашуу операциясы иштелип чыкканга чейин кардардын картасына чегерилет.

VI. Төлөм валютасынын курсу операция иштелип чыккан күнү өзгөргөндө (2 күндөн 30 күнгө чейин):

(е) курс боюнча 86,00 доллар (Банктын нак эмес коммерциялык курсу колдонулат)  болгон учурда кармалып калган суммадан 525 сом өлчөмүндө айырма 8075 сом келип түшкөн суммага кардардын картасына кайтарылып берилет.

(f) курс боюнча 84 00 доллар (Банктын нак эмес коммерциялык курсу колдонулат) болгон учурда кармалып алынган суммадан 325 сом өлчөмүндөгү айырма кардардын картасына келип түшкөн 8075 сом суммасына кайтарылып берилет.